**Кыргыз республикасынын патенттик-техникалык китепканасы**

**Справкалап- маалыматтап тейлөө бөлүмү**

# Кыргыз республикасындагы экономикалык атаандаштык жана инновациялык технология

**Обзордук маалымат**

**Бишкек-2011**

Азыркы мезгил талабына ылайык илим күчтүү өндүрүш күчү болуп, ал эми илимий – техникалык өсүү өлкөнүн дүйнөлүк базар атаандаштыгынын чечүүчү фактору болуп саналат.

Справкалап- маалыматтап тейлөө бөлүмү төмөнкү темада обзордук маалыматты даярдашты:

Кыргыз Республикасында экономикалык атаандаштык жана инновациялык технология.

Обзордук маалымат жергиликтүү басманын негизинде даярдалып, өз ичине справкалык- маалымат материалдарын камтыйт.

- Киришүү.
- Кыргыз Республикасында өндүрүштүн өнүгүү абалы жана анын инновациялык ишкердүүлүгүнүн деңгээлин баалоо.
- Республикада инновациялык ишкердүүлүк иштерин өнүктүрүүнүн негизги багыттары.
- Жыйынтыктоо.
- Колдонулган адабияттардын тизмеси.

Колдонулган адабияттар менен МПТКдан төмөнкү адрес боюнча тааныша аласыздар:

Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси, 221 бөлмө, телефон 66-46-59

e-mail: gptbkr@rambler.ru.

Түзгөн: Кровякова Л.Г.

Которгон: Жумалиева Т.Ө.

# Киришүү

Республиканын экономикалык кайра куруу структурасын чечүү маселеси инновациялык процесс аркылуу: өндүрүштүн техникалык базасын үзгүлтүксүз жаңылоонун негизинде, жаңылык киргизүү менен техникалык структураны жүзөгө ашырууда аны үнөмдөөгө шарт түзүп берет жана атаандаштыкка жөндөмдүү жана экспортко багытталган продукцияны чыгаруучу. Өндүрүш ишканаларында атаандаштыкты жогорулатуу жана кайра түзүү максатында инновациялык саясатты уюштурууда, так стратегияны иштеп чыгууну гана башкы маселе кылып албастан, анын өнүгүү технологиялык жактарын түзүүнү максат кылып, дагы анын жөндөмдүүлүгүн бардык түз жана кайчылаш мамлекеттик инновациялык ишкердүүлүгүн жөнгө салуунун куралын пайдалануу керек.

Илимий-техникалык жетишүүлөрдү пайдалануунун эффективдүүлүгү жеке эле илимий изилдөө жана иштетүүлөрдүн деңгээли менен белгиленбестен, ошого ылайык келген техникалык, өндүрүштүк, уюштуруу, маркетингдик, каршы операцияларды инновациялык процесстерди түзүүчү жана анын бирден-бир элементтери экендиги айкын экендиги көрүнүп турат.

Ишканалардын атаандаштыгынын таасир этүүчү негизги факторлоруна:

- жергиликтүү бийликтегилердин жүрүм-турум багыттары жана формалары;

- ишкана жетекчилеринин ички жана тышкы чөйрөдө багытынын деңгээлин жогорулатуу.

Бизнес чөйрөдө багыт алган өндүрүш жетекчилери инновациянын деңгээли менен түз байланышта, б.а. инновациялык чаралардын тереңдиги менен жана кызыкчылыгын жараткан жана жеке каражаттарын инновацияны жүзөгө ашыруу үчүн жумшаган.

Продукциянын атаандаштыгы кардарлардын талаптарын базарда сактап калууда же өндүрүүчүнүн айкын кирешелерин жогорулатууну канааттандырып көрсөткөн комплекстүү көрсөткүч.

Берилген аныктоолордо үч керектүү убакты белгилөө керек:

- товар баасы жана сапаты боюнча тандалган базар сегментинин талабына жооп берүүсү керек.
- Продукция сатылып жаткан базар эркин жана калыс болуусу керек б.а базарда атаандаш товарларга эркин кирүү болуусу керек жана басмырлоого же тескерисинче өзгөчө жеңилдетүүгө дуушар болбоосу керек.
- Баа атаандаштык жөндөмдүүлүгү товар өндүрүүнүн кирешесин азайтуунун эсебинен жетишүү керек, жумушчулардын айлыктарын төмөндөтүп, товардын баасын ылдыйлатууга болот.

Атаандаштыкка жөндөмдүү башкаруу өндүрүш сатуу ишмердүүлүгүн башкаруу системасына таасири жогорку сапаттагы товарларды өндүрүү жана жүзөгө ашыруу максатында таасир этүүнү болжолдойт.

## Кыргыз Республикасында өндүрүштүн өнүгүү абалы жана анын инновациялык ишкердүүлүгүнүн деңгээлин баалоо

Кыргызстандын өндүрүш ишканаларынын азыркы абалы таасирдүү чечимди талап кылуучу маселелердин көп жактуулугу менен мүнөздөлөт.

Эң башкы маселелердин бири болуп негизги фонддордун эскиргендиги, инновациялык ресурстардын жетишсиздиги өндүрүлгөн товарлардын жана тейлөөлөрдүн төмөнкү сапаты жана атаандаштыктын жоктугу саналат. Улуттук статистикалык комитет тарабынан 2009-жылы өндүрүш тармагында инновациялык ишкердүүлүктү бир убакта изилдөө өткөрүлгөн.

Кайра иштетүү өндүрүш ишканаларнын ичинен, активдүү инновациялык ишкердүүлүгү тамак аш өндүрүү башкача айтканда ишканаларда белгилүү (35,3%) электр менен камсыз кылуу , электрондук жана оптикалык каражаттар (26,7%), токуу жана тигүү өндүрүшү (9,1%).

Көпчүлүк өндүрүш ишканалары (76% жалпы санынан) негизги инновациялык продукциялардын өтүүсү ички базарда деп эсептешет. Акыркы жылдарда сатылуу чөйрөсүндө эч кандай өзгөрүүлөр байкалган жок.

Кандай гана өндүрүш болбосун инновациялык ишкердүүлүк өндүрүштүн өнүгүүсүнүнтаасирдүүлүгүн жөндөштүрүүчү белгилүү бир максатты көздөйт. Баалардын жыйынтыгы боюнча ,74 өндүрүш ишканалары жаңы сатуу базарын түзүүгө тиешелүү, ал өндүрүштү өнүктүрүүгө жогорку салымын кошот (андан 45% чет өлкөдө жаңы сатуу базарын түзүүнү көздөшөт, 34% КМШда жана 20%-Кыргызстанда түзүүнү көздөшөт).

Жогорку баскычтагы 35 өндүрүш ишканалары, эскирген продукцияны алмаштыруу керек деп эсептешет, 14ү – продукциянын сапатын жана азыркы стандартка жооп берүүсүн, продукциянын ассортиментин көбөйтүүнү биринчи орунга коюшат.

17ге жакын ишкана өндүрүштүн ийкемдүүлүгүн жогорулатуу керектиги маанилүү экендигин белгилешет. Көпчүлүк ишканалар инновацияга тоскоол болгон учурларда, инновациялык ишкердүүлүк алардын ишканаларында экономикалык жана өндүрүштүк мүнөздөгү себептер боюнча жүзөгө ашырылбай калган.

Өндүрүштү даярдоого байланыштуу инновациялык ишкердүүлүктүн түрлөрү боюнча, көпчүлүк чыгым (52,5%) өндүрүштүн технологиялык даярдоого кетүүчү чыгымына кирет.

Маркетинг же инновацияны базарда жайылтууга байланыштуу чыгымдарды 11,6% ж.б.35,7% түзөт.

Үлүштүн анча-мынчасын адистерди окутуп даярдоого жана программалык каражаттарды кабыл алууга кеткен чыгымдар түзөт.

Республиканын өндүрүш ишканаларынын инновациялык ишкердүүлүгүнүн анализдеринин жыйынтыгы 90%тен ашык ишкана өздөрүнүн ойлоп табууларын, илимий –техникалык иштетүүлөрдү жана башкаларды коргоо чараларын пайдаланышпайт.

Баардыгы болуп өндүрүштүн жалпы санынан 3,5% гана чечүүчү усул катары товардык белгини каттоону баалашат, 2,4% ишканалар ойлоп табууларды патенттөө жана коммерциялык сырын жашырууну чечүүчү усул деп эсептешет.

Республиканын аймактарындагы өндүрүш ишканаларында инновациялык процесстердин жүзөгө ашырылышы ар түрдүү болот. Өнөр жай аймактарда Ош шаарында, Чүй жана Ысык-Көл областарында бир топ активдүү өнүгөт.

Аймактын максаттуу инновациялык программасы мамлекеттик инновациялык саясаттын негизине жана аймактын социалдык –экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багытына ылайыкташкан.

## Республикада инновациялык ишкердүүлүк иштерин өнүктүрүүнүн негизги багыттары

Дүйнөлүк тажрыйбада инновациялык ишкердүүлүк мамлекеттик колдоонун алдында жогорку окуу жайлар аркылуу ишке ашырылат.

Республиканын илимий- техникалык чөйрөдөгү уюмдардын мамлекет тарабынан колдоо чараларынын анализи, чындыгында эле инновациялык процесстердин биринчи этабына илимий-изилдөө тажрыйба-конструктордук иштерине “таасир” этет. (ИИТКИ)

Башка сөз менен айтканда, мамлекет ИИИ эч кандай илимий иштер тажрыйбада илимий иштерди кызыктырбай эле колдойт.

Ушундай эң маанилүү инновациялык долбоордогу конструктордук жана технологиялык иш кагаздары сыяктуу иштер, өндүрүштү уюштуруу, товарларды базарга жылдыруу жана башкаларга мамлекет тарабынан көңүл бөлүнбөй калган.

Аймактык саясатты жүзөгө ашыруу чаралары болуп аймактар үчүн атаандаштык потенциялын көтөрүү боюнча жеке институционалдык инвесторлорду инновацияны жүзөгө ашыруу программасын алып чыгуу керек.

Өндүрүш ишканаларынын инновациялык ишкердүүлүгүнүн төмөнкү деңгээлине салыштырып кароого карабастан анын дээрлик жарымы унаа курууга карайт, калган ишканалар кайра иштетүү өнөр-жай тармактарын көрсөтүшөт.

Токуу жана тигүү ишканаларынын анча чоң эмес салыштырма салмагы өндүрүштө бир топ иш менен камсыздоонун жогорку үлүшүн ээлейт, ал эми унаа куруу комплекси салыштырма салмагынын көлөмү боюнча инновациялык экспортко жөнөтүлүүчү продукциянын чыгуу көлөмүнүн үлүшүнөн кичине жогорулатат.

Берилген ишканалардын активдүүлүгүн жогорулатуу максатында ИИИ өткөрүүдө андан тышкары тажрыйба-конструктордук иштерди өндүрүшкө инновациялык продукцияны алып келүүнү түзүү үчүн алардын сөзсүз түрдө катышуусу керек.

Ишканалар конкурска катышуу менен бирге ИИТКИ ишканаларды каржылоосун илимий бөлүмдөр илимге жана инновациялык фонддорго бөлүнгөн каражаттын эсебинен кыла алат. Ишканаларда илимий бөлүмдөрдү түзүү, мамлекет тарабынан инновациялык ишкердүүлүктү колдоо аркылуу болот:

- мамлекеттик колдоонун формалары;
- каржы жактан колдоонун түрү;
- каржылоо булактары;
- салыкты жана бажыны жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү.

Экспортко багытталган продукцияны түзүүнүн маанилүү багыты болуп инновациялык сызыкты жаңылоо болуп саналат, анын мааниси мамлекет тарабынан бардык басып өтүү жолун: фундаменталдык жана колдонмо кайра

иштетүү, тажрыйба-эксперименталдык жана өндүрүштүн тектештүүлүгү ошондой эле жаңылык киргизүү.

**Жыйынтыктоо**

Өндүрүш ишканалардын инновациялык ишкердүүлүктөрүн анализдөө менен төмөнкү жыйынтыктарды чыгаруу болот:

- Кыргыз Республикасында инновациялык ишкердүүлүктүн негизги түзүүчүсү бири-биринен обочолонуп турат (ишканалардын илимий-техникалык чөйрөсү);
- азыркы илим өндүрүш ишканалары менен эффективдүү иш алып барууга жөндөмдүү эмес;
- академиялык жана тармактык профилдеги илимий уюмдардан жана университеттерден инновациялык өндүрүш ишканалары жөнүндө төмөн деңгээлдеги маалыматтарды алуу;
- өндүрүш ишканаларында экономиканын өнүгүүсүнө салым кошкон бир аз сандагы илимий бөлүмдөр бар.

Ар түрдүү-кичи ишкана, фирмалар, консорциумдар, каржы-өндүрүш топтордой түрлүү максаттуу инновациялык структуралар керек. Механизмдин таасирдүүлүгүн белгилөөнүн критерийи болуп каржы жагынан камсыздоо- бул бюджеттен бөлүнгөн акча каражаты, кредиттер, коммерциялык акча, мүлктүк акы.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Айтбаев А.К. Основные цели и задачи конкурентной политики государства//Экономический вестник.-2009.№4.С.19-24.

2.БочкареваТ.Д., Жумалиев М.К. Об инновационных процессах в промышленности КР в2008 //Экономический вестник.-2009.-№4.-С.8-12.

3.Жолдошалиева Д.Ж. Формирование конкурентоспособности экономики КР в условиях перехода к рыночным отношениям //В кн.:Стратегия экономического развития...-Б.:БГУ,2010.-С.117-122.

4. Жума кызы Раиза, Ибраимова Г.К. Формирование конкурентной среды на потребительском рынке //В кн.: Стратегия экономического развития...-Б.:БГУ,2010.-С.128-137.

5.Мейманов Б.К. Инновационная деятельность в экономике КР в современных условиях (на материалах промышленности). Автореферат дис.канд.экон. наук.-Б,2007.-С.26.

6.Наурызбаева А.А. Оценка конкурентоспособности продукции отрасли//Реформа.-2009.-№3.-С.29-36.

7.Сейтбекова Н.Ж. Региональные и отраслевые аспекты управления инновационным предпринимательством в промышленности КР. Автореферат. дис. Канд. Экон. Наук.-Б,-2008.-23.

8.Экономическая энциклопедия // Гл.ред.Л.И.Абалкин.-М.: ОАО “Издательство “Экономики”,1999.-С.309-310.